Кыргыз Республикасынын
Илим, жогорку билим берүү жана
инновациялар министрлигине
караштуу Интеллектуалдык
менчик мамлекеттик фондунун
2026-жылдын 30-январындагы
№ 9-П буйругу менен бекитилген

# “Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсун өткөрүү жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. “Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсун өткөрүү жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 390 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун жобосуна ылайык иштелип чыкты.

2. Жобо “Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсун (мындан ары – Конкурс) өткөрүүнүн шарттарын жана тартибин аныктайт.

3. **Конкурстун уюштуруучусу** – Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине (мындан ары – Министрлик) караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары – Мамлекеттик фонд), (мындан ары – Уюштуруучу).

4. **Конкурстун Катчылыгы** – уюштуруучулук-техникалык камсыздоо жүктөлгөн Мамлекеттик фонддун тийиштүү түзүмдүк бөлүмү.

5. **Конкурстун катышуучулары** – аялдар жана кыз-келиндер командасы (мындан ары – Катышуучулар).

6. Конкурсту уюштурууга жана өткөрүүгө өнөктөштөр жана демөөрчүлөр тартылышы мүмкүн, алар Уюштуруучу менен макулдашып, уюштуруучулук, каржылык жардам жана колдоонун башка түрлөрүн көрсөтө алышат.

7. **Калыстар тобу** – бул конкурсту Уюштуруучу тарабынан бекитилүүчү компетенттүү адистердин тобу (мындан ары – Калыстар тобу). Илимдин көрүнүктүү ишмерлери, эксперттер, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн (макулдашуу боюнча) турган саны 11 (бир он) адамдан кем эмес Калыстар тобунун мүчөлөрү Конкурстун жеңүүчүлөрүн тандап алышат.

## 2. Сынактын максаттары жана милдеттери

- аялдар жана кыздар арасында ойлоп табуучулук, чыгармачылык жана инновациялык ишмердүүлүктү шыктандыруу, ойлоп табуучу аялдын,

автордун, новатордун имиджин түзүү жана алардын эмгектерин коомчулуктун таануусу.

- аялдардын илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациялардагы жетишкендиктери жөнүндө позитивдүү коомдук пикирди калыптандыруу жана бекемдөө;

- илимге жана ойлоп табууга салым кошкон көрүнүктүү изилдөөчүлөрдүн эмгегин таануу менен аялдардын позициясын жакшыртуу;

- Кыргыз Республикасынын аймагында илимий, ойлоп табуучулук жана инновациялык ишмердүүлүктү жайылтуу жана актуалдаштыруу;

- келечектүү ойлоп табууларды жана инновациялык изилдөөлөрдү аныктоо жана аларды рынокко чыгарууга көмөктөшүү.

## 3. Конкурстун талаптары

8. Конкурстун катышуучулары аялдар жана кыз-келиндер командалары боло алат:

- окумуштуулар;
- ойлоп табуучулар;
- новаторлор;
- докторанттар;
- ИИИнин кызматкерлери;
- окутуучулар;
- аспиранттар;
- ЖОЖдун студенттери.

9. Конкурс төмөнкү номинациялар боюнча өткөрүлөт:

- “Окумуштуу аял”;
- “Ойлоп табуучу аял”;
- “Новатор аял”;
- “Илимдеги кыз-келиндер командасы”;
- “Мыкты илимий жетекчи аял";
- “IT илиминдеги аял”;
- “Student science” (студенттер үчүн).

10. Конкурска катышуу үчүн талапкерлерди көрсөтүү укугу министрликтерге, ведомстволорго, илимий жана илимий-изилдөө мекемелерине, жогорку окуу жайларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын коомдук уюмдарына (мындан ары – Уюмдар) берилет.

11. Конкурстун катышуучулары үчүн тандоо критерийлери:

- изилдөө-инновациялык жана ойлоп табуучулук ишмердүүлүккө кошкон зор салымы, бул тармакта жарыяланган иштеринин жетишкендиктерге ээ болушу, билим берүү ишмердүүлүгү же фундаменталдык, гуманитардык жана прикладдык илимдер чөйрөсүндө билимди жайылтуу;

- талапкердин изилдөөлөрүнүн илимдин төмөнкү тармактарындагы учурдагы абалына позитивдүү таасири: химия, физика, математика, биология, филология, тарых, социология, психология жана педагогика (басылмалардын,

конференциялардагы презентациялардын, патенттердин, автордук күбөлүктөрдүн саны, сапаты жана пайдалуу таасири, ошондой эле алардын коомго тийгизген оң таасири);

- талапкердин биргелешкен долбоорлорго катышуусу же фундаменталдык, гуманитардык жана прикладдык илимдер жаатындагы инновациялык илимий иштеп чыгууларга жана ачылыштарга өбөлгө түзгөн басылмаларды даярдоого катышуусу жөнүндө маалымат менен бекемделген кесиптештери тарабынан талапкердин ишине оң баа берүү.

## 4. Конкурсту өткөрүү жана өтүнмөлөрдү кабыл алуу тартиби

12. Конкурс эки жылда бир өткөрүлөт жана мөөнөтүн Уюштуруучулар аныктайт.

13. Катчылык тарабынан ММКда жана социалдык тармактарда өткөрүлүп жаткан конкурс жөнүндө чагылдыруу боюнча маалыматтык иш жүргүзүлүп, ошондой эле Конкурска катышуу үчүн Өтүнмөлөрдү (мындан ары – Өтүнмө) жана керектүү материалдарды кабыл алуу жана тандоо жүргүзүлөт.

14. Конкурска катышуу үчүн Өтүнмө ээси тандап алган номинация боюнча 1-10- тиркемелерге ылайык Өтүнмөнүн формасын толтурат жана Уюштуруучу тарабынан белгиленген мөөнөттө Катчылыкка төмөнкү дарек боюнча жиберилет: 720020, Бишкек ш., А. Малдыбаев көчөсү, 34 Б же электрондук почтага: gosfond@ilim.gov.kg.

15. Конкурска катышуу үчүн талапкерлерди көрсөткөн Уюмдар кагаз жана электрондук түрдө мекеменин жетекчисинин колу коюлган, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн, номинациясын көрсөтүп, мекеменин же жогорку окуу жайдын бланкы менен Өтүнмө беришет.

16. Өтүнмөгө төмөнкүлөр тиркелет:

- Конкурска катышуу үчүн талапкерди көрсөтүү жөнүндө Окумуштуулар кеңешинин же эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколунун көчүрмөсү;
- Өтүнмөдө көрсөтүлгөн маалыматтарды ырастоочу документтердин көчүрмөлөрүнүн тизмеси;
- 9 жана 10-тиркемелерге ылайык илимий эмгектерди ишке ашыруу актыларынын болушу.

17. Катышуучулардын Өтүнмөлөрү мамлекеттик же расмий тилдерде берилет.

18. Калыстар тобу Конкурстун жеңүүчүлөрү жөнүндө чечимди ар бир критерий боюнча 1 баллдан 5 баллга чейинки баллдык системанын негизинде кабыл алат (мында 1 – төмөнкү баа, 5 – жогорку баа). Катышуучулардын конкурстук материалдарын жыйынтыктоочу баалоо 11-тиркемеге ылайык бардык критерийлер боюнча Калыстар тобу тарабынан коюлган баллдык баалардын суммасы катары түзүлөт, ал ар бир номинация боюнча ушул Жобонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Конкурстун жеңүүчүлөрү

техникалык, табигый жана гуманитардык багыттар боюнча жана ар бир номинацияда топтолгон баллдын суммасы боюнча аныкталат.

19. Калыстар тобунун ишинин жыйынтыгы боюнча чечим протокол менен таризделет.

20. Калыстар тобу Конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктайт жана алардын тизмесин бекитүү үчүн Уюштуруучуга жөнөтөт.

21. Сыйлоо жөнүндө чечимди Уюштуруучу кабыл алат.

## 5. Конкурска катышуучунун жана уюштуруучунун укуктары жана милдеттери

22. Катышуучулар:

- Конкурсту өткөрүүнүн мөөнөттөрү жана тартиби жөнүндө маалыматты Катчылыктан алууга укуктуу;
- Конкурска катышуу үчүн Өтүнмөнүн материалдарына өтүнмөлөрдү баалоо критерийлерине ылайык кошумча маалыматтарды жана документтерди киргизүүгө укуктуу;
- ушул Жобонун талаптарына ылайык таризделген Өтүнмөлөрдү өз убагында берүүгө жана катышуу шарттарын сактоого милдеттүү;
- конкурс өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштеп чыгууга, жарыялоого жана жайылтууга макулдук беришет (8-тиркеме);
- үчүнчү жактын укуктарын бузбай турганына кепилдик беришет.
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык өзгөчө укуктарды (автордук, патенттик) бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

23. Уюштуруучу:

- Катышуучулар анык эмес маалыматтарды берген же Калыстар тобунун чечимине таасир этиши мүмкүн болгон маалыматтарды жашырган, укуктары үчүнчү жактарга таандык болгон интеллектуалдык менчик объекттерин мыйзамсыз пайдаланган учурларда Конкурска катыштыруудан баш тартууга/токтотууга укуктуу;
- келип түшкөн материалдардын купуялуулугун сактоону камсыз кылууга милдеттүү, анткени Конкурска келип түшкөн бардык иштер жана Өтүнмөнүн материалдары, эгерде конкурстун Катышуучусу тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, жеңүүчүлөр аныкталганга чейин купуя деп таанылат.

24. Конкурсту өткөрүү мөөнөтү узартылган же башка өзгөртүүлөр киргизилген учурда катчылык кошумча маалыматты Уюштуруучунун расмий сайтына жарыялайт.

25. Уюштуруучу номинацияларды өзгөртүүгө же кошумча киргизүүгө укуктуу.

26. Уюштуруучу Катышуучунун толтурган Өтүнмөсү боюнча тастыктоочу документтерди суроого укуктуу.

- Уюштуруучу Конкурстун жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды расмий жарыяланган күндөн мурда жарыялоого жол бербейт;
- Конкурсту уюштурууну жана өткөрүүнү, сыйлоо аземин камсыздайт.

## 6. Конкурстун Калыстар тобунун укуктары жана милдеттери

27. Калыстар тобу Конкурстун аяктаган күнүнөн мурда Конкурстун акыркы жыйынтыктары тууралуу маалыматты ачыкка чыгарбайт.

28. Конкурска жиберилген иштерди, ошондой эле Катышуучулар жөнүндө маалыматтарды конкурс аяктаганга чейин интернетке жана башка массалык маалымдоо каражаттарына жайылтпайт.

29. Конкурстук иштерди ушул Жобонун 11-тиркемесиндеги критерийлерге ылайык баалайт.

## 7. Сыйлоо

30. Конкурстун жеңүүчүлөрү Калыстар тобунун мүчөлөрү тарабынан аныкталып, Уюштуруучунун дипломдору жана статуэткалары менен сыйланат.

31. Номинациялоо тартиби:

- “Окумуштуу аял” илимдин өнүгүшүнө маанилүү салым кошкон аялдардын ичинен аныкталат;
- “Ойлоп табуучу аял” ойлоп табуучулук иште чоң ийгиликтерге жетишкен аялдардын ичинен аныкталат (патенти болсо);
- “Новатор аял” инновациялык ишмердүүлүктө чоң ийгиликтерге жетишкен аялдардын ичинен аныкталат;
- “Илимдеги кыз-келиндер командасы” илимдин өнүгүшүнө маанилүү салым кошкон аялдардын командасынан аныкталат;
- “Мыкты илимий жетекчи аял” илимий-изилдөө ишинде чоң ийгиликтерге жетишкен жана илимдин кандидаттары менен докторлорун тарбиялаган аялдардын ичинен аныкталат;
- “IT илиминдеги аял” IT чөйрөсүндө чоң ийгиликтерге жетишкен аялдардын ичинен аныкталат (сайттарды иштеп чыгуу, компьютердик графика жана анимация, ар кандай тармактардагы программалык камсыздоо);
- “Student science” (студенттер үчүн) илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө чоң ийгиликтерге жетишкен студенттердин ичинен аныкталат.

## 8. Каржылоо

32. Конкурсту каржылык жактан камсыз кылуу Мамлекеттик фонддун каражаттарынын эсебинен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган демөөрчүлүк каражаттарды жана башка булактарды тартуу менен түзүлөт.

33. Конкурска катышуу үчүн акы алууга жол берилбейт.

1-тиркеме

**“Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсунун “Окумуштуу аял” номинациясына катышуу үчүн**

**ӨТҮНМӨ**

| | |
|---|---|
| Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| Туулган күнү, айы, жылы | |
| Жашаган жеринин дареги (иш жүзүндө) | |
| Окуган/иштеген жери | |
| Телефон номери (уюлдук) | |
| Электрондук почта: | |
| Илимий даражасы | |
| Илимий наамы | |
| Дипломдор, грамоталар, ыраазычылык каттар | |
| Эл аралык, республикалык конкурстарга, олимпиадаларга, көргөзмөлөргө катышуу | |
| Стипендиялар, сыйлыктар жана гранттар | |
| Илимий шилтемелердин индекстерине киргизилген илимий эмгектер жана илимий-мезгилдүү басылмалардагы жарыялоолор жөнүндө маалыматтар:<br>- Web of Science;<br>- Scopus;<br>- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары РИЦИ;<br>- КР РИЦИ | |

Мен, _____________________ (аты-жөнү), ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштетүүгө жана жайылтууга өз макулдугумду берем, Өтүнмөнүн материалдарында берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

/_________________/ ___________________________

Колу Аты-жөнү

“_____” _______________ 20___-жыл

2-тиркеме

**“Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсунун “Новатор аял” номинациясына катышуу үчүн**
**ӨТҮНМӨ**

| | |
|---|---|
| Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| Туулган күнү, айы, жылы | |
| Жашаган жеринин дареги (иш жүзүндө) | |
| Окуган/иштеген жери | |
| Телефон номери (уюлдук) | |
| Электрондук почта: | |
| Илимий даражасы | |
| Илимий наамы | |
| Дипломдор, грамоталар, ыраазычылык каттар | |
| Эл аралык, республикалык конкурстарга, олимпиадаларга, көргөзмөлөргө катышуу | |
| Стипендиялар, сыйлыктар жана гранттар | |
| Ойлоп тапкан ойлоп табуулары жөнүндө кыскача маалымат | |
| Катышуучуну мүнөздөгөн башка көрсөткүчтөр | |

Мен, ______________________ (аты-жөнү), ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштетүүгө жана жайылтууга өз макулдугумду берем, Өтүнмөнүн материалдарында берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

/_________________/ _________________________

Колу Аты-жөнү

“_____” ________________ 20___-жыл

3-тиркеме

**“Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсунун “Ойлоп табуучу аял” номинациясына катышуу үчүн**

# ӨТҮНМӨ

| | |
|---|---|
| Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| Туулган күнү, айы, жылы | |
| Жашаган жеринин дареги (иш жүзүндө) | |
| Окуган/иштеген жери | |
| Телефон номери (уюлдук) | |
| Электрондук почта: | |
| Илимий даражасы | |
| Илимий наамы | |
| Дипломдор, грамоталар, ыраазычылык каттар | |
| Эл аралык, республикалык конкурстарга, олимпиадаларга, көргөзмөлөргө катышуу | |
| Стипендиялар, сыйлыктар жана гранттар | |
| Ойлоп тапкан ойлоп табуулары жөнүндө кыскача маалымат;<br>Ойлоп табууга алынган колдонуудагы, анын ичинде чет өлкөлүк патенттердин тизмеси;<br>Ойлоп табуунун экономикалык натыйжасын көрсөтүү менен өндүрүштө ишке ашырылган ойлоп табуулардын тизмеси;<br>Изилдөөчүнүн акыркы 2 жылдагы ойлоп табуучулук ишке кошкон салымы жөнүндө маалымат. | |
| Катышуучуну мүнөздөгөн башка көрсөткүчтөр | |

Мен, _____________________ (аты-жөнү), ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштетүүгө жана жайылтууга өз макулдугумду берем, Өтүнмөнүн материалдарында берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

/________________/ __________________________

Колу Аты-жөнү

“_____” _______________ 20___-жыл

4-тиркеме

**“Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсунун “Илимдеги кыз-келиндер” номинациясына катышуу үчүн**

**ӨТҮНМӨ**

| | |
|---|---|
| Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| Туулган күнү, айы, жылы | |
| Жашаган жеринин дареги (иш жүзүндө) | |
| Окуган/иштеген жери | |
| Телефон номери (уюлдук) | |
| Электрондук почта: | |
| Илимий даражасы | |
| Илимий наамы | |
| Команданын ишинин багыты | |
| Дипломдор, грамоталар, ыраазычылык каттар | |
| Эл аралык, республикалык конкурстарга, олимпиадаларга, көргөзмөлөргө катышуу | |
| Стипендиялар, сыйлыктар жана гранттар | |
| Команданын актуалдуу жана маанилүү долбоорлору | |
| Катышуучуну мүнөздөгөн башка көрсөткүчтөр | |

Мен, ______________________ (аты-жөнү), ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштетүүгө жана жайылтууга өз макулдугумду берем, Өтүнмөнүн материалдарында берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

/_________________/ ___________________________

Колу Аты-жөнү

“_____” ________________ 20___-жыл

5-тиркеме

**“Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсунун “Мыкты илимий жетекчи аял” номинациясына катышуу үчүн**

**ӨТҮНМӨ**

| | |
|---|---|
| Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| Туулган күнү, айы, жылы | |
| Жашаган жеринин дареги (иш жүзүндө) | |
| Окуган/иштеген жери | |
| Телефон номери (уюлдук) | |
| Электрондук почта: | |
| Илимий даражасы | |
| Илимий наамы | |
| Номинанттын жетекчилиги астында түрдүү деңгээлдеги дипломдук иштерди коргоодо (бакалавриат, адистик, магистратура) "эң жакшы" деген баа алган студенттердин саны | |
| Дипломдор, грамоталар, ыраазычылык каттар | |
| Номинанттын студенттик илимий уюмдар жана демилгелер менен иштөөдөгү активдүүлүгү | |
| Стипендиялар, сыйлыктар жана гранттар | |
| Команданын актуалдуу жана маанилүү долбоорлору | |
| Диссертациялык иштерди коргоону жана алдын ала коргоону белгиленген мөөнөттө ийгиликтүү өткөн аспиранттардын саны | |

Мен, ______________________ (аты-жөнү), ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштетүүгө жана жайылтууга өз макулдугумду берем, Өтүнмөнүн материалдарында берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

/_________________/ ___________________________

Колу Аты-жөнү

“_____” _______________ 20___-жыл

6-тиркеме

**“Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсунун “IT илиминдеги аял” номинациясына катышуу үчүн**

**ӨТҮНМӨ**

| | |
|---|---|
| Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| Туулган күнү, айы, жылы | |
| Жашаган жеринин дареги (иш жүзүндө) | |
| Окуган/иштеген жери | |
| Телефон номери (уюлдук) | |
| Электрондук почта: | |
| Кесиптик ишмердүүлүктүн жана жетишкендиктердин кеңири мүнөздөмөсү | |
| Илимий даражасы | |
| Илимий наамы | |
| Номинанттын жетекчилиги астында окуган студенттердин, окуучулардын саны | |
| Дипломдор, грамоталар, ыраазычылык каттар | |
| Номинанттын студенттик илимий уюмдар жана демилгелер менен иштөөдөгү активдүүлүгү | |
| Стипендиялар, сыйлыктар жана гранттар | |
| Актуалдуу жана маанилүү долбоорлор | |
| Ийгиликтүү ишке ашырылган маалыматтык жана IT программалардын саны (материалдарды, документтерди ж. б. тиркөө) | |

Мен, ______________________ (аты-жөнү), ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштетүүгө жана жайылтууга өз макулдугумду берем, Өтүнмөнүн материалдарында берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

/_________________/ __________________________

Колу Аты-жөнү

“_____” _______________ 20___-жыл

7-тиркеме

**“Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдын образы” конкурсунун “Student science” (студенттер үчүн) номинациясына катышуу үчүн**

**ӨТҮНМӨ**

| | |
|---|---|
| Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| Туулган күнү, айы, жылы | |
| Жашаган жеринин дареги (иш жүзүндө) | |
| Окуган/иштеген жери | |
| Телефон номери (уюлдук) | |
| Электрондук почта: | |
| Окуу ишмердүүлүгүнүн жана жетишкендиктеринин кеңири мүнөздөмөсү | |
| Дипломдор, грамоталар, ыраазычылык каттар | |
| Номинанттын окуу күнүнөн баштап ЖОЖдо илимий-изилдөө иштерине активдүү катышуу | |
| Стипендиялар, сыйлыктар жана гранттар | |
| Актуалдуу жана маанилүү долбоорлор | |
| Ийгиликтүү ишке ашырылган илимий-изилдөө иштеринин саны (материалдарды, документтерди ж. б. тиркөө) | |

Мен, ______________________ (аты-жөнү), ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштетүүгө жана жайылтууга өз макулдугумду берем, Өтүнмөнүн материалдарында берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

/_________________/ _________________________

Колу Аты-жөнү

“_____” _______________ 20___-жыл

8-тиркеме

***Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартиби, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартиби жана ФОРМАСЫ (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген***

**Жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга**
**МАКУЛДУК**

Калктуу конуш: "__" ________ 20__ -ж.

Мен, ______________________________________________________________
(фамилиясы, аты, атасынын аты)
___________________________________________________________________
_____________________________________ дареги боюнча жашайм
Ким экендигин ырастаган документ: _____________________________
(документтин түрү)
сериясы ___________________________________________________________
берилген___________________________________________________________
(берилген күнү)
___________________________________________________________________
(ким тарабынан берилген)
ишенимдүү адам үчүн
___________________________________________________________________
атынан иш алып барган (аты-жөнү)
төмөнкү дарек боюнча жашаган: _________________________________
Ким экендигин ырастаган документ:
___________________________________________________________________
(документтин түрү)
Серия ____ №_______________________________________________________
_____________________________________________берилген
(берилген датасы) (ким тарабынан берилген)
_________________________________________________ негизинде
(ишеним кат, мыйзам, башка укуктук акт)
эркин, түшүнүү менен, өз эрким менен төмөнкүлөргө макулдук берем:

- иштеп чыгууга (чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу максатында ыкмаларга карабастан жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан же анын тапшырмасы боюнча, автоматтык каражаттар менен же аларсыз аткарылуучу кандай болбосун операция же операциялардын топтому):

- жеке маалыматтарды басылмаларда, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана интернет тармактарында жарыялоого;

- "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга жеке маалыматтарды берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан берүү);

- төмөнкү жеке маалыматтарды транс чек аралык берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочу

(ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган кармоочуларга берүү):

1. ________________________________________________________________
2. ________________________________________________________________

3. ______________________________________________________________
4. ______________________________________________________________
5. ______________________________________________________________
6. ______________________________________________________________
7. ______________________________________________________________
8. ______________________________________________________

(талап кылынган маалыматтардын тизмегин көрсөтүү, мисалы: фамилиясы, аты, атасынын аты (мурдагы фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн датасы, жери жана себептери (өзгөртүлгөн учурда); туулган датасы жана жери; жарандыгы жөнүндө маалыматтар (анын ичинде мурдагы жарандыгы, башка жарандыктары); билими жөнүндө маалыматтар (билим берүү уюмунун аталышы жана аяктаган жылы, билими жөнүндө документтин аталышы жана реквизиттери, билими жөнүндө документ боюнча квалификациясы, даярдоо багыты же адистиги); окумуштуулук даражасынын болушу жөнүндө маалыматтар; чет тилдерди билүүсү, билүү деңгээли тууралуу маалыматтар; спорттук наамы, спорттук разряды; жашаган жеринин дареги (турган жери); байланыш телефонунун номери же байланыштын башка ыкмалары тууралуу маалыматтар; ким экендигин күбөлөндүрүү документтин түрү, сериясы, номери, аны берген органдын аталышы, берилген датасы; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; милдеттүү пенсиялык камсыздандыруунун камсыздандыруу күбөлүгүнүн номери; милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин реквизиттери; аскердик милдетке мамилеси, аскердик эсепке алуу боюнча маалыматтар (запаста турган жарандар жана аскердик кызматка чакырылууга тийиш болгон адамдар үчүн); үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлөсүнүн курамы; эмгек иши жөнүндө маалыматтар (аскердик кызматты, айкалыштыруу боюнча ишти, ишкердик ишти ж.б. кошкондо); мамлекеттик сыйлыктары, башка сыйлыктары жана артыкчылык белгилери (ким тарабынан жана качан сыйланган); соттуулугунун бар же жок экендиги жөнүндө маалымат; кирешелер, чыгашалар жөнүндө, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар; жеке сүрөтү).

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүү максатында иштеп чыгуу үчүн берем

______________________________________________________________

______________________________________________________________

(кызмат көрсөтүүнүн аталышы көрсөтүлөт)

Мен, төмөнкүлөр менен тааныштым:

1) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук ушул макулдукка кол коюлган датадан тартып мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалыматтарды сактоонун бүткүл мөөнөтүнүн ичинде күчүндө болот;

2) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде кайра чакыртып алынышы мүмкүн.

3) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук кайра чакыртып алынган учурда менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгуу "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 15-беренелерине ылайык толугу менен же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу башталган дата:

______________________________________________________________

(күнү, айы, жылы)

20______- жылдын "____" _________________

________________ ________________________________

Колу Аты-жөнү

9-тиркеме

**ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ ИШКЕ АШЫРУУ АКТЫСЫ**

1. **Иш киргизилип жаткан мекеменин аталышы** ____________________________________________

2.**Сунуштун аталышы** ________________________________
*(окутуунун технологиясы, электрондук окуу китеби, окутуу программалары, видеофильмдер)* ______________________________

3. **Ишке ашыруу тармагы**________________________________
*(модуль, кафедра, университет)*

4. **Качан ишке ашырылган (кафедрага киргизүү мезгили)** ________

5. **Ишке ашыруу формасы** ______________________________
*(менчик же карызга алынган - булагын көрсөтүү)*

6. **Окуу процессинде колдонулган** ___________________________
*(аннотациянын негизинде толтурулат)*

7. **Ишке ашырууга жооптуу адамдар** __________________________

8. **Ишке ашыруунун натыйжалуулугу** _________________________
*(окуу-методикалык, экономикалык, медико-социалдык – конкреттүү көрсөтүү)*

9. **Комиссиянын сунуштары, эскертүүлөрү** ____________________

Комиссиянын төрагасы:

Жоопкер катчы:

Комиссиянын мүчөлөрү:

10-тиркеме

# ОКУУ ПРОЦЕССИНЕ ИЛИМИЙ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРДИ КИРГИЗҮҮ АКТЫСЫ

1. **Иш киргизилип жаткан мекеменин аталышы** ___________________

2.**Сунуштун аталышы** ____________________________________________

3. **Иш камтылган (ким тарабынан жана качан сунушталат)** _________
_________________________________________________________________
*(республикалык, облустук, ИИИ, окуу институттарынын ишке ашыруу пландары)*

4. **Качан ишке ашырылган (кафедрага киргизүү мезгили)** __________

5. **Ишке ашыруу формасы** ______________________________________
*(менчик же карызга алынган - булагын көрсөтүү)*

6. **Окуу процессинде колдонулган** _________________________________

7. **Ишке ашырууга жооптуу адамдар** _____________________________

8. **Ишке ашыруунун натыйжалуулугу** ____________________________
*(окуу-методикалык, экономикалык, медико-социалдык – конкреттүү көрсөтүү)*

9. **Ишке киргизүүнү жүзөгө ашыруучу мекеменин сунуштары, эскертүүлөрү** ________________________________________________________

Комиссиянын төрагасы:

Жооптуу катчы:

11-тиркеме

**Конкурстун катышуучуларын “Окумуштуу аял”, “Новатор аял”, “Ойлоп табуучу аял”, “Илимдеги кыз-келиндер командасы”, “Мыкты илимий жетекчи аял”, “IT илиминдеги аял”, “Student science” (студенттер үчүн) номинациялары боюнча**

**БААЛОО**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Баалоонун критерийлери 1-5 балл | | | | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | *Долбоордун экономикалык жана социальдык маанилүүлүгү* | *Актуалдуулук, долбоорду же илимий ишти ишке ашырууга новатордук* | *Заманбап инновациялык технологияларды, формаларды жана ыкмаларды колдонуу* | *Ишке ашырылуучулук жана колдонуу чөйрөсү* | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

Калыстар тобунун мүчөлөрү ______________ Колу ___________

“_____” ________________ 20____-жыл